# ДАРЫНЫ КАНТИП ӨЛЧӨП БЕРҮҮ КЕРЕК?

**8**

БӨЛҮМ

**БЕЛГИЛЕРИ:**

= **ушуга барабар** же **ушундай эле** дегенди билдирет.

\+ **кошуу** же **дагы** дегенди билдирет.




**БӨЛЧӨКТӨР КЭЭДЕ ТӨМӨНКҮДӨЙ ЖАЗЫЛАТ:**

1 таблетка = бир толук таблетка = 

½ таблетка = 1 таблетканын жарымы = 

1 ½ таблетка = 1 таблетка жана анын жарымы = 

¼ таблетка = 1 таблетканын чейрек бөлүгү же төрттөн бири = 

1/8 таблетка = 1 таблетканын сегизден бири (8 бирдей тилкеге бөлүнүп, 1 тилкеден ичилүүсү) = 

## ДАРЫНЫН ӨЛЧӨНҮШҮ

Дары адатта грамм (г) же миллиграмм (мг) менен өлчөнөт.

1 000 мг. = 1 г (бир миң миллиграмм бир граммды түзөт).

1 мг. = 0, 001 г (бир миллиграмм граммдын миңден бир бөлүгүн түзөт).

**Мисалдар:**

| | | | |
|---|---|---|---|
|  | Чоңдорго берилүүчү аспириндин бир таблеткасында 300 миллиграмм аспирин болот. | .3 г<br>0,3 г<br>0,300 г<br>300 мг. | Булардын баары 300 миллиграммдын ар түрдүү жазылыштары |
|  | Балдарга берилүүчү аспириндин бир таблеткасында 75 миллиграмм аспирин болот. | .075 г<br>0, 075 г<br>75,0 мг<br>75 мг. | Булардын баары 75 миллиграммдын ар түрдүү жазылыштары |

8-бөлүм

Көп учурда дарынын канча грамм же миллиграмм экенин билип алган жакшы.

Мисалы, эгерде сиз чоңдорго берилүүчү аспириндин кичине бир бөлүгүн жаш балага бергиңиз келсе, бирок канча бөлүгүн берүүнү так билбесеңиз, анда

чаптамдагы (этикеткадагы) майда арип менен басылган жазууну окуңуз. Ал жерде: «аспирин: 0,3 г ацетилсалицил кычкылдыгы» (ацетилсалицил кычкылдыгы = аспирин) деп жазылган.




0,3 г = 300 мг ал эми 0,75 г = 75 мг. Демек, өзүңүз көрүп тургандай, чоңдорго берилүүчү аспириндин салмагы балдар аспиринине караганда 4 эсе көп.

75 мг.
75 мг.
75 мг.
75 мг.



балдарга берилүүчү аспириндин төрт таблеткасы,

300 мг.  аспириндин демейдеги 1 таблеткасына барабар

Эгерде сиз чоңдорго берилүүчү аспиринди бирдей 4 бөлүккө бөлсөңүз, анын ар бир чейрек бөлүгү балага берилүүчү бир аспиринге барабар болот.





Ошентип, чоңдорго берилүүчү аспиринди 4кө бөлүп, бир бөлүгүн жаш балага (балдарга берилүүчү аспириндин ордуна) берсеңиз болот. Себеби, экөө тең бирдей, ал тургай чоңдорго берилүүчү аспириндин бир бөлүгүнүн баасы да арзан.

*САК БОЛУҢУЗ:* Көптөгөн дарылардын (айрыкча, антибиотиктердин) салмагы жана көлөмү ар түрдүү болот. Мисалы, тетрациклиндин капсулу төмөнкүдөй 3 башка көлөмдө чыгарылышы мүмкүн:

 250 мг.  100 мг.  50 мг.

**Абайлаңыз, дарыны «көрсөтүлгөн өлчөмдө» гана бериңиз.** Дарынын канча грамм же миллиграмм экендигин текшерүү өтө маанилүү.

**Мисалы,** эгерде дарылоо кагазында (рецептте) «тетрациклиндин 250 мг-дык 1 капсулун күнүнө 4 маал ичесиз» деп жазылса, ал эми сизде болгону 50 миллиграммдык капсул гана болсо, анда сиз 50 миллиграмдыктан бешти, күнүнө 4 маал ичишиңиз керек (ошондо күнүнө 20 капсулдан болот).

50 мг. + 50 мг. + 50 мг. + 50 мг. + 50 мг. = 250 мг.



## ПЕНИЦИЛЛИНДИН ӨЛЧӨНҮШҮ

Пенициллин көбүнчө бирдик менен өлчөнөт.
U = unit (бирдик) (орусча - единица(ЕД)

1.600.000 U = 1 г. же 1.000 мг.

Пенициллиндин көп түрлөрү (ичме дары же сайма дары) 400.000 бирдик дозасында берилет.

400.000 = 250 мг.

# СУЮК ДАРЫЛАР

Ширелер (сироптор), суспензиялар, суюк аралашмалар (тониктер) жана башка суюк дарылар миллилитр менен өлчөнөт:

мл. = миллилитр    1 литр = 1000 мл.

Суюк дарылар көбүнчө чай кашык же чоң кашык (аш кашык) менен берилет:

1 чай кашык = 5 мл.    1 чоң кашык = 15 мл.



3 чай кашык = 1 чоң кашык

Эгерде дарыга берилген көрсөтмөдө “1 чай кашык ичесиз” деп жазылса, бул “5 миллилитр ичесиз” дегенди билдирет.

Адамдар колдонгон «чай кашыктардын» көбүнө 3 миллилитрден 8 миллилитрге чейин суюктук батат. **Дарыны *5 миллилитрдик* чай кашык менен берүү керек. Көп да эмес, аз да эмес.** Муну билип алган жакшы.

## Дарыга колдонуп жаткан чай кашыктын 5 миллилитрдик экенин кантип текшерүүгө болот?

1. 5 миллилитрдик кашык сатып алыңыз.



же

2. Дарыны пластмас кашыгы менен кошо сатып алыңыз. Кашыкка толтура куйсаңыз, 5 миллилитр болот. Кашыктын жарым (2,5 мл) миллилитрди көрсөткөн атайын белгиси болушу мүмкүн. Мындай кашыкты сактап коюп, башка дарыларды ичкенде да колдонсоңуз болот.




же болбосо,




3. Үйүңүздөгү кичинекей кашыктардын бирине шприц же өлчөгүчү бар башка нерсе менен 5 миллилитр суу куюп, **суюктуктун деңгээлине жараша кашыкка белги жасап коюңуз.**

8-бөлүм

# ЖАШ БАЛДАРГА ДАРЫНЫ КАНТИП БЕРҮҮ КЕРЕК?

Таблетка же капсул түрүндөгү көптөгөн дарылардын көбү балдар үчүн шире же *суспензия* (өзгөчө формадагы суюктук) түрүндө да чыгарылат. Эгерде сатып алган дарыларды салыштырып көрсөңүз, көбүнчө шире таблетка же капсулга караганда алда канча кымбат экенин байкайсыз. Ширени өзүңүз деле төмөнкүдөй жол менен жасап, акчаңызды үнөмдөсөңүз болот:




Балдарга таблеткадан же капсулдан шире жасап жатканда **дарыны көп кошуп албаңыз.**

*САК БОЛУҢУЗ:* Баланы какатып албоо үчүн чалкасынан жатканда же башын чалкалатканда дары бербеңиз. Балага дарыны башын көтөрүп турганда же отурган абалда берүү керек. Муну эч качан эстен чыгарбаңыз. Бала уктап жатканда, эсин жоготуп койгондо же капыстан карышып калганда эч качан дары ичирбеңиз.

## ЭГЕРДЕ ДАРЫНЫН ЧОҢДОРГО ГАНА БЕРИЛГЕН КӨРСӨТМӨСҮ БОЛСО, АНДА БАЛДАРГА ДАРЫНЫ КАНЧА ӨЛЧӨМДӨ БЕРҮҮ КЕРЕК?

Негизи, бала канчалык жаш болсо, ага дары да ошончолук аз берилет. Дарыны тийиштүү дозасынан ашырып берүүгө болбойт. Эгерде колуңузда балдарга берилүүчү дозанын жол-жобосу болсо, анда аны колдонсоңуз болот. Ал эми канча берүүнү билбесеңиз, анда баланын салмагына же жашына карап бериңиз. Балдарга чоңдордун дозасын төмөнкүдөй өлчөмдө берүү керек:



# ДАРЫНЫ КАНТИП ИЧҮҮ КЕРЕК?



Дарыны белгиленген убакта жана тийиштүү дозада ичүүнүн мааниси чоң. Кээ бир дарыларды күнүнө бир гана маал, башкаларын болсо бир нече маал ичүүгө туура келет. Сааттын жоктугу эч нерсе эмес. Эгерде дары көрсөтмөдө «1 таблеткадан ар бир 8 саатта ичесиз» деп жазылса, анда күнүнө 3 маал: эртең менен, түштөн кийин жана кечинде ичиңиз. Эгерде «1 таблеткадан ар бир 6 саатта» десе, анда күнүнө 4 маал: эртең менен, чак түштө, бешимде жана кечинде ичиңиз. Эгерде «1 таблеткадан ар бир 4 саатта» десе, анда 6 маал, жогорудагыдай убактарда (аралыгын бир аз азайтып) ичиңиз.

Башка бирөөгө дары бererde, аны ичүүнүн жол-жобосун (качан жана кантип ичүүнү) түшүндүрүп, жазып бергениңиз оң (сиз айткандардын баарын толук түшүнгөнүнө ынангандай болуңуз).

**Окуй албаган адамдарга дары ичүүнү эскертип туруу үчүн, төмөнкүдөй кагазды колдонсоңуз болот**

**Алдыңкы бош жерлерге ичиле турган дары өлчөмүнүн сүрөттөрүн тартып коюңуз жана алардын баарын жакшылап түшүндүрүп бериңиз.**



**Мисалы:**

**Бул күнүнө 1 таблеткадан 4 маал: таң эрте 1ди, чак түштө 1ди, күн батканда 1ди жана түн ортосунда 1ди ичүү керек дегенди билдирет.**



**Бул күнүнө ½ таблеткадан 4 маал дегенди билдирет.**



**Бул күнүнө 1 капсулдан 3 маал дегенди билдирет.**



**Бул күнүнө ¼ таблеткадан эки маал дегенди билдирет.**



**Бул күнүнө 2 чай кашыктан 2 маал дегенди билдирет.**



## БИРӨӨГӨ ДАРЫ БЕРЕРДЕ...

дайыма төмөнкүдөй маалыматтарды кошо жазып бериңиз (окуй албаса деле):



- аты-жөнү → Аты-жөнү: **Азамат уулу Нурлан**
- дарынын аталышы → Дарысы: **Пиперазин (500 мг. таблеткасы)**
- эмнеге каршы берилди → Эмнеге каршы: **Ичеги курттарына**
- дозасы → Дозасы: **2 таблеткадан 1 күндө 2 маал**

**Бул маалыматты дары өлчөмүнүн сүрөттөрү көрсөтүлгөн баракчага жазып койсо да болот.**

Китептин аягында дары дозалары жөнүндө барактар берилген. Аларды кыркып алып, керек болгондо колдонуңуз; эгерде түгөнүп калса, өзүңүз деле ошондой кылып, башка барак жасап алсаңыз болот.

Бирөөгө дары берерде жогорудагыдай маалымат баракчасын колдонгонуңуз жакшы. Колдон келсе, «Бейтап жөнүндө маалымат” баракчасын колдонгонуңуз оң, себеби ал аркылуу толук маалымат берүүгө болот
(Бейтап жөнүндө маалыматты караңыз, 44-б).

## ТАМАКТАНГАНДАН КИЙИН ЖЕ АЧКАРЫН ДАРЫ ИЧҮҮ

Кээ бир дарыларды ачкарын же тамактанаардан 1 саат мурун ичкен пайдалуу.

Ал эми кээ бирлери тамак менен чогуу же тамактан кийин ичкенде ашказанды оорутпайт жана зарына кылбайт.

Төмөнкү дарыларды тамактанаардан 1 саат мурун ичүү керек:

- пенициллин
- ампициллин
- тетрациклин

тетрациклинди ичерден 1 саат мурун (же ичкенден кийин) сүт ичпеш керек.

Төмөнкү дарыларды тамак менен чогуу же тамактан кийин ичүү керек:

- аспирин же курамында аспирин бар дарылар
- темир дарылары (темир сульфаты)
- витаминдер
- эритромицин

Антациддерди (кычкылдык басуучу дарыларды) курсак ачканда, тамактангандан 1-2 саат өткөндөн кийин же жатаарда ичсеңиз, пайдасы көбүрөөк болот.

*Эскертүү:* Дарыны туруп же отуруп ичкен пайдалуу. Ошондой эле ар бир дарыны суу менен ичкенге аракет кылыңыз. Эгерде сульфа (сульфаниламид) дарысын ичип жатсаңыз, анда бөйрөккө зыян келтирбөө үчүн **сууну көп ичүү керек** (күнүнө жок дегенде 8 стакан суу).